**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ**
**МЭРИИ г.БИШКЕК**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

**№_____ _________2018-ж.** **Бишкек шаары**

**“Тил – достуктун ачкычы” аттуу**
**изилдөө долбоорунун кароо-сынагын**
**өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын 2018-жылдын 15-январындагы №13-05 катынын, Бишкек шаардык мэриясынын 2018-жылдын 23-январындагы №1-97 катынын негизинде жана Бишкек шаарынын мэриясынын 2014-жылдын 31-январындагы №11 “Бишкек шаарынын мэриясынын аппаратында, түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомун ишке ашыруу максатында
**буйрук кыламын:**

1. 21-февраль - Эне тил күнүнө карата “Тил- достуктун ачкычы” аттуу изилдөө-долбоорунун кароо-сынагы 2018-жылдын 20-февралында саат 10.00дө Свердлов районунун № 4 мектеп-гимназиясынын базасында өткөрүлсүн;
2. Кароо-сынактын Жобосу, программасы иштелип чыксын жана калыстар тобунун курамы түзүлүп, бекитилсин;
3. Каржы-экономика бөлүмү (А.Берикбаева) каражат бөлүштүрүп, кароо-сынактын өтүшүн камсыз кылсын;
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Билим берүү башкармалыгынын мектепке чейинки, мектептик жана мектептен тышкаркы билим берүү бөлүмүнүн жетекчиси Г.К.Акматовага жүктөлүн;

**Башчы** **С.Мейрманова**